Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Embassy of Switzerland in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Элчилиги
Посольство Швейцарии в Кыргызской Республике

Department for International Development

UKaid from the British people

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

# ЭЛЕТ КӨЙГӨЙЛӨРҮН БИРГЕЛЕШИП АНЫКТОО (ЭКБА) – ЖАРАНДАРДЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ЧЫНЫГЫ ӨНӨКТӨШТҮГҮНӨ КАРАЙ ШИЛТЕНГЕН АЛГАЧКЫ КАДАМ

**"Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору.
Швейцария Өкмөтү тарабынан Улуу Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржыланат.
Долбоорду Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырат.**



- *“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу” деген эмне?*
- *Ачык-айкындуулук жана жарандардын катышуусу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маанилүү принциби катары*
- *Эмне үчүн калктын пикирин изилдөө пайдалуу?*
- *Ресурстар тартыш болуп турганда артыкчылыктарды аныктоонун маңызы*
- *ЭКБА деген эмне?*
- *ЭКБА жергиликтүү маанидеги маселелерди ЖӨБ органдары менен өнөктөштүктө чечүүдө жарандардын катышуу моделинин бир бөлүгү катары*
- *ЖӨБ органдары кайсы учурларда ЭКБАны колдонушат?*
- *Эмне үчүн ЭКБАнын жыйынтыктары ишенимдүү деп эсептелет?*
- *Элеттик жамааттын көйгөйлөрүн чечүү үчүн ЭКБАны колдонуунун мисалы*

# “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу” деген эмне?

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу*** – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү.

***Жергиликтүү маанидеги маселелер*** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан ***жарандардын тикелей эрк-ниетин билдирүү жолу менен чечилүүчү***, тиешелүү аймактагы калктын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу маселелери.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандардын жергиликтүү жамааттары тарабынан түздөн-түз же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары аркылуу жүзөгө ашырылат.

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары*** – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү камсыз кылуучу өкүлчүлүктүү, аткаруучу органдар.

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын*** төмөнкүлөр түзөт:

1) жергиликтүү кеңештер – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары;
2) айыл өкмөтү, мэриялар – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына төмөнкүдөй жергиликтүү маанидеги маселелер кирет:

1) тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу;
2) муниципалдык менчикти башкаруу;
3) жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;
4) калкты ичүүчү суу менен жабдуу;
5) калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;
6) калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;
7) жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;
8) көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;
9) жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
10) парктардын, спорттук курулмалардын жана дем алуу жайларынын

иштешин камсыз кылуу;

11) турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу;
12) муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу;
13) жергиликтүү маанидеги маданий жана тарыхый жетишкендиктерди сактоо;
14) жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу;
15) жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын ченемдерин жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу;
16) тиешелүү калктуу конуштун аймагында жарнакты Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте жайгаштыруу;
17) коомдук тартипти сактоого көмөктөшүү;
18) элдик көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
19) бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу үчүн шарттарды түзүү;
20) балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу;
21) дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу;
22) өзгөчө кырдаалдарды алдын алууга жана кесепеттерин жоюуга көмөктөшүү.

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун маанилүү принциби – жарандардын ачыктыгы жана катышуусу***

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу төмөнкү принциптерде жүзөгө ашырылат:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдында ачыктыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз иш-милдеттерин жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы
- мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк;
- жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмү аркылуу, ошондой эле жарандардын жыйындары, чогулуштары жана курултайлары аркылуу эрктерин билдириши;
- жергиликтүү жамааттардын укуктарын жана мыйзамда корголгон кызыкчылыктарын коргоо;
- коомдук ой-пикирдин ачыктыгы жана эсепке алынышы.

Жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу айкындуулук, коомчулуктун катышуусу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамаат алдындагы жоопкерчилиги принциптерин сактоо менен жүзөгө ашырылат.

**Кыргыз Республикасынын стратегиялык документтеринде жарандардын катышуусу**

ТӨУС[1] 2.7-бөлүмүнүн 5-пункту. "Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү" жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларынын жоопкерчилигин жана ролун арттыруу, жергиликтүү жамаат жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары алдында алардын отчеттуулук формаларын өркүндөтүү өңдүү өнүгүүнүн стратегиялык багыттарынын бирин бекитет.

ЖӨБ өнүктүрүү программасы[2] "Стратегиялык максаттар жана милдеттер" II бөлүгүндө "Жарандардын керектөөлөрүнө багытталган ЖӨБ органдарынын жоопкерчилигин арттыруу жана оптималдаштыруу" аттуу 1-багытты бөлүп карайт. Анда ЖӨБ органдарынын төмөнкүдөй милдеттери белгиленген: *"... Жергиликтүү өз алдынча башкарууга жекече катышуу процессине жарандарды тартуу механизмдерин иштеп чыгуу. Коомдук маанилүү чечимдерди кабыл алууда, жергиликтүү Мыйзам чыгаруу демилгелерине болгон укуктарын ишке ашыруу. Коомчулуктун мүчөлөрү тарабынан ЖӨБ органдарынын жетекчилеринде кесипкөйлүктүн, этикалык ченемдердин, ачыктуулуктун, жеткиликтүүлүктүн, кадыр-барктуулуктун жана ишкердик абройдун жогорку деңгээлин иш жүзүндө калыптандыруу милдети турат".*

**Эмне үчүн калктын пикирин изилдөө пайдалуу?**

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү ЖӨБ органдарынын кызыкдар болгон калк менен диалогусуз элестетүү мүмкүн эмес. ЖӨБ органдарынын ар бир чечиминин ийгилиги көпчүлүк учурда калк тарабынан колдоодон көз каранды болот.

- Калктын пикирин изилдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз чыгашаларын пландоо жана колдо болгон ресурстарды рационалдуу бөлүштүрүүдө калктын колдоосуна ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берет.
- Калктын пикирин изилдөө жана жергиликтүү маанидеги иштерде калктын катышуусун камсыздоо – бул ЖӨБ органдарынын өз иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын натыйжалуу аткаруусунун маанилүү шарты.
- Коомдук пикирди изилдөө – бул да жарандык коомдун таасирдүү куралы, анын жардамы менен калк ЖӨБ органдарына ишеним көрсөтөт же көрсөтпөй коё алат.

[1] *2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы (КР Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы №11 Жарлыгы менен бекитилген).*

[2] *2013-2017-жылдарга Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү программасы (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-декабрындагы №678 токтому менен бекитилген).*

ЖӨБ органдары коомдук пикирди эсепке алууга гана умтулбастан, аны өз ички ресурстарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык түзүүгө да өздөрү аракеттениши керек.

Жамаат анын пикири жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн маанилүү экенин сезген учурда жарандар жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө активдүүрөөк катыша баштайт. Бул болсо жарандарга кайсы маселелер биринчи кезекте жана кантип чечилиши керектигин аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет. Маселени чечүү жолун сунуштоо менен калк кандайдыр бир деңгээлде өзүнө жергиликтүү жамааттын өнүгүүсү үчүн жоопкерчилик алат. Жоопкерчиликтин мына ушундай болуп бөлүштүрүлүшү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына диалог куруда да, ресурстарды издөөдө да бир кыйла пайдалуу болот.

***Ресурстар тартыш болуп турганда артыкчылыктарды аныктоонун маңызы***

Ресурстар дайыма тартыш, өзгөчө ЖӨБ деңгээлинде жетишсиз. Бул мамлекеттин жергиликтүү бюджеттер үчүн кирешелүү булактардын санын чектеп койгонуна байланыштуу болду. Жалпак тил менен айтканда, акча дайыма эле жетишсиз – мамлекеттик башкаруу органына да, муниципалитетке да. Негизи эле акча дүйнөдөгү бир дагы бюджетке жетиштүү деңгээлде болбойт. Анткени адамдын керектөөлөрү аларды канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө караганда тезирээк өсүп турат. Буга байланыштуу каражатты биринчи кезекте кайсы муктаждыктарды канааттандырууга сарпташ керек деген чечимди кабыл алып туруу зарылчылыгы дайыма пайда болот. Же болбосо кайсынысы артыкчылыктуу? Андыктан жергиликтүү бюджеттерди башкаруу процессинде ЖӨБ органдарында калктын талаптарын мүмкүн болушунча жакшы канааттандыруу, анын алдында жооптуу болуу үчүн маселелердин жана керектөөлөрдүн артыкчылыктуусун тандоо зарылчылыгы дайыма пайда болуп турат. Башкача айтканда, ЖӨБ органдарын жана калкты алдыга койгон максаттарга кантип жетиш керектигине, бул үчүн канча каражат талап кылынарына жана аны алуунун жолдоруна, же болбосо жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү жолдорун издөөгө үйрөтүү зарылчылыгы айдан ачык болуп турат. Артыкчылыктуусун тандап алуу да өз капиталдык чыгашаларын пландоого жардам берет.

***ЭКБА деген эмне?***

Башкаруу органдары дайыма эле калк менен эбин таап, натыйжалуу өз ара аракеттеше бербейт. Бир жагынан, коомдук пикирди өз кызыкчылыгына колдонуу, түрдүү популисттик кадамдарды жасоо аракеттери байкалат. Экинчи жагынан, маанилүү социалдык-экономикалык долбо-



орлорду иштеп чыгууда, реформаларды камсыздоодо, жергиликтүү жамаат үчүн маанилүү болгон маселелер боюнча чечим кабыл алууда жана ишке ашырууда коомдук пикирдин дарамети толук колдонулбай келет.
Демократиялык башкаруу түрдүү топтордун кызыкчылыктарынын келишүүсүн камсыздаган атайын аспаптарды колдонууну талап кылат. Мисалы, Элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоо – ЭКБА[3].

**Элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоо – ЭКБА (Participatory Rural Assessment, сөзмө-сөз которгондо: элет артыкчылыктарын баалоо) – бул калктын пикирин жана кызыкчылыктарын эсепке алуу менен маалыматты биргелешип топтоо, ага анализ жүргүзүү жана ишти пландоо процесси.**

**ЭКБА (PRA) – бул адамдарга өз турмуштук тажрыйбасын, жашоо шарттарын анализдөөгө жол ачкан усулдардын жана ыкмалардын дайыма жакшыртылып турган тобу. Ал топтолгон тажрыйба менен билимди алмашып турууга көмөктөшөт. ЭКБАнын жардамы менен элеттиктер жана шаардыктар өздөрүнүн артыкчылыктуу маселелерин аныктап, алардын жашоо шартын аныктаган чечимдерди өз алдынча кабыл алышат.**

ЭКБА – бул өзүнө биринин артынан бири ээрчиген бир катар иш-чараларды камтыган иш-чаралардын комплекси[4]:
- маалымат топтоо жана айылдагы кырдаалды изилдөө;
- элет көйгөйлөрүн аныктоо;
- элет көйгөйлөрүнө анализ жасоо: бул көйгөйлөрдүн себеби жана алардын кесепеттери болуп эсептелет;
- биринчи кезекте чечилиш керек болгон артыкчылыктуу маселелерди аныктоо;
- артыкчылыктуу маселелерди чечүүнүн жолдорун биргелешип талкуулоо;
- артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча демилгелүү топторду түзүү;
- биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгуу;
- элеттеги чогулуштарда, коомдук угууларда жергиликтүү жамаат менен артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча биргелешкен аракеттердин планын талкуулоо;
- биргелешкен аракеттер планынын жергиликтүү бюджетте чагылдырылышы;
- биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу;

[3] *ЭКБА чоң шаарларга көп деле туура келе бербейт. Анткени шаарларда калктын саны көп болгондуктан жарандардын катышуусунун мүнөздөмөсүн камсыздоо татаал. Шаарларда адатта башка усулдар колдонулат – социологиялык изилдөөлөр, максаттуу фокус-топтор, эксперттик баалоо, изилдөөлөр ж.б.*

[4] *Бул тууралуу кенен маалымат алуу үчүн ЖӨБЭММАнын 2014-жылдын 4-мартындагы № 01-24/19 буйругу менен бекитилген жергиликтүү жамааттын Типтүү уставынын 24-беренесинин 4-пунктун караңыз.*

- ишке ашырылып жаткан биргелешкен аракеттер планына мониторинг жүргүзүү жана баа берүү;
- элеттик чогулуштарда, коомдук угууларда, курултайларда биргелешкен аракеттер планын ишке ашыруу боюнча ишмердүүлүктүн натыйжалары тууралуу отчет.

ЭКБАнын бардык баскычтарында жана иш-чараларында милдеттүү, ажырагыс элементи жергиликтүү бюджет, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн каражаттар кантип сарпталып жатканы тууралуу маалыматты ачыкка чыгаруу болуп эсептелет.

Бардык иш-чараларга төмөнкүлөр катышат:

- 18 жашка толгон, жынысына, расасына, улутуна, тилине, дин ишенимине, кызматтык жана мүлктүк абалына карабастан жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү;
- мамлекеттик уюмдардын, ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмчөлөрүнүн, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, коомдук бирикмелердин ж.б. өкүлдөрү;
- айылдык кеңештин депутаттары;
- айыл өкмөт аппаратынын кызматкерлери[5].

***ЭКБА – жергиликтүү маанидеги маселелерди ЖӨБ органдары менен өнөктөштүктө чечүүдө жарандардын катышуу моделинин бөлүгү***

Эгерде жамааттын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн изилдөөнүн артынан аларды чечүү боюнча конкреттүү аракеттер жасалбаса, анда анын өзү маанисиз болуп калат. Ошону менен бирге жамааттын көйгөйлөрүн чечүүнүн эң эле натыйжалуу жолу биргелешкен иш болуп эсептелет. Көйгөйлөрдү биргелешип аныктоо, алардын кайсынысын биринчи кезекте чечүү керектиги тууралуу чечим кабыл алуу жана биргелешкен аракеттер – мунун баары жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыгында жана өз жоопкерчилиги алдында өз алдынча чечүүнүн чыныгы мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу.

ЭКБАны өткөргөндөн кийин активдүү жана кызыкдар тургундар аныкталган көйгөйлөр боюнча *демилгелүү топторду* түзүшөт жана биргелешкен аракеттердин планын иштеп чыгуу менен, аларды чечүү боюнча иштерди пландаштырышат.

Демилгелүү топтор кантип иштешери, биргелешкен аракеттер планы кантип ишке ашырылары тууралуу кеңири маалыматты ЖӨБЭММАнын

[5] *Бул тууралуу кененирээк ошол эле жерден караңыз, 5-пункт.*

2014-жылдын 4-мартындагы №01-24/19 буйругу менен бекитилген жергиликтүү жамааттардын Типтүү уставынын 25 жана 26-пункттарынан таба аласыз.

Биргелешкен аракеттер планы жергиликтүү бюджетте чагылдырылып, аны ишке ашырууну айыл өкмөтү көзөмөлдөшү үчүн демилгелүү топтордун ишинде аткаруу бийлигинин өкүлдөрүнүн – айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин катышуусу өтө маанилүү. Айылдык аймактагы жумуш эрежелеринин мыйзамдуу иштеп чыгуучулары катары жергиликтүү кеңештердин депутаттары (анткени жергиликтүү кеңеш аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасын, бюджетти бекитет, алардын аткарылышын көзөмөлдөйт) ошондой эле демилгелүү топтордун мүчөлөрү болуп эсептелет. Өз кезегинде демилгелүү топтор депутаттарга жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын мүмкүн болушунча көбүрөөк натыйжалуу коргоого жардам берет.

Планды аткаруунун маанилүү бөлүгү болуп ЖӨБ органдарынын ишине калк тарабынан мониторинг жана андан кийинки баалоо эсептелет. Жергиликтүү бюджеттеги каражаттардын, жергиликтүү жамааттардын, донор уюмдардын салымынын эсебинен ишке ашырылган кызмат көрсөтүүлөрдү, жергиликтүү демилгелерди, долбоорлорду баалоонун



методикасын, ошондой эле биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору тууралуу жобону, анын курамын жергиликтүү кеңештер бекитет[6]. Планды аткаруунун жыйынтыгы боюнча ЖӨБ органдары артыкчылыктуу көйгөйлөрдүү чечүү тууралуу жамаат алдында отчет беришет жана артыкчылыктар кандай өзгөргөнүн түшүнүү үчүн ЭКБА иш-чараларынын комплексин өткөрүшөт. Андан кийин бул цикл кайталанат.

***ЖӨБ органдары ЭКБАны кандай учурларда колдонот?***

ЖӨБ органдары ЭКБА усулдарын башкаруунун түрдүү процесстеринде кеңири колдоно алат. Элет көйгөйлөрүн биргелешип аныктоону төмөнкү процесстер учурунда өткөрүү өтө маанилүү:

- аймакты өнүктүрүүнү стратегиялык пландоо;
- муниципалдык социалдык заказды түзүү;
- өзүнчө социалдык топторду колдоо саясатын түзүү (аялдарды, балдарды, жаштарды, карыларды, мигранттарды, этникалык топторду);
- башка программалардын, пландардын жана стратегиялардын максаттарын туура аныктоо үчүн ушул документтерди иштеп чыгуу жана өзгөчө көйгөйлүү маселелерди чечүү боюнча калктын үмүтүн актоо.

***ЭКБА иш-чаралар комплексин өткөрүү "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун Чакан гранттар программасына катышуунун МИЛДЕТТҮҮ шарты болуп эсептелет.***

***Өзгөчө инфраструктуралык маселелер боюнча гранттык жардам көрсөтүүдө көпчүлүк эл аралык донор уюмдар жана долбоорлор, ошондой эле бейөкмөт уюмдар адегенде артыкчылыктуу көйгөйлөрдү аныктап алууну талап кылышат. Андыктан ЭКБАны өткөрүү ЖӨБ органдарына тышкы булактардан инвестицияларды тартуу куралы катары кызмат кылат.***

**Эмне үчүн ЭКБА жыйынтыктары ишенимдүү деп эсептелет?**

1. *Ишенимдүүлүк:* бетме-бет жолугушууларда жана жамааттык талкуулар маалында калк өзүнүн артыкчылыктуу маселелерин көбүрөөк ачык билдирет жана ЖӨБ органдарынын ишине, көрсөтүлүп жаткан кызматтардын сапатына өз баасын берет.
2. *Деталдаштыруу:* маалыматты жандуу баарлашуу аркылуу алуу ошол маалыматты зарыл болгон өзгөчө бир индивидуалдык деталдар менен толуктоо мүмкүнчүлүгүн берет.
3. *Натыйжалуулук:* маселени талкуулоодо жолугушуунун активдүү катышуучулары себептүү байланышын аныктап, чечим сунуштай алышат. Өз пикирин эл алдында билдирүүгө аракеттенип жаткан учур-

[6] *Бул тууралуу кенен маалыматты айылдык кеңештин Типтүү регламентинин "Айылдык кеңештин карамагына берилген маселелер" аттуу 2-главадан таба аласыз.*

да кичи топтордун лидерлери аныкталат. Алар келечекте маселени чечүүдө (аракеттер планын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда) активдүү катышуучу болуп бериши ыктымал.

4. *Маалымдуулук:* жолугушуу учурунда тикеден-тике баарлашуу калк менен жарандар ортосундагы маалымат алмашуунун жана кайра байланыштын факты болуп эсептелет.
5. *Ишеним:* баарлашууга жана кызматташууга болгон эмоционалдык ынтызарлык, үнүн жеткирүү жана суроолорго жооп алуу мүмкүнчүлүгү ЖӨБ органдарына болгон ишенимдин деңгээлин арттырат;
6. *Коллегиалдуулук:* аймак жетекчилигинин гана эмес, ошону менен бирге депутаттардын да катышуусу муниципалитетте чечимди бир ууч адам кабыл албай турганын түшүнүүгө өбөлгө түзөт; депутаттардын катышуусу жамааттын көз алдында алардын чыныгы абройунун өсүшүнө жана депутаттардын өз ролун туура түшүнүүсүнө көмөктөшөт.

## Ысык-Көл облусунун Ак-Чий айылдык аймагында (АА) элет калкынын көйгөйлөрүн чечүү үчүн ЭКБАны пайдалануунун мисалы

***ЭКБА, демилгелүү топтор жана биргелешкен аракеттер планы***

Ак-Чий АА 2012-жылы “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) пилоттук муниципалитети болуп калган. Жамаат менен өнөктөштүктү түзүү максатында ЖӨБ органдары ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен 2012-жылдын күз мезгилинин башында 3 курак боюнча фокус-топ (18-35 жаштагы, 36-55 жаштагы, 55 жана андан жогору курактагы эркектер жана аялдар) форматында аймактын үч айылынын ар биринде 11 ЭКБА-сессиясын өткөрүштү. Фокус-топторго 311 адам, анын ичинде 95 аял катышты: айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана жергиликтүү кеңештин депутаттары; жамааттын лидерлери жана активисттери; мектептерде, бала бакчаларда, ФАПтарда ж.б. бюджеттик уюмдарда иштегендер; дыйкандар; пенсионерлер; жаштар. Айылдык аймактын 6 артыкчылыктуу көйгөйү аныкталган:

1) жолдордун жана көпүрөлөрдүн абалы;
2) көчөлөрдө жарыктын жоктугу жана трансформаторлордун жетишсиздиги;
3) бала бакчалардын жоктугу;
4) клубдун жана спорттук залдын (бош убакытты пайдалуу өткөрүү) жоктугу;
5) жергиликтүү бюджеттин жетишерлик деңгээлде ачык болбой жатканы;
6) жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү.

ЭКБА процессинде аймактын активдүү тургундары аныкталды. Алар 3 демилгелүү топко (ДТ) биригишкен:

- “Келечек” ДТ жолдордун жана көпүрөлөрдүн абалы, көчөлөрдө жарыктын жоктугу жана трансформаторлордун жетишсиздиги өңдүү маселени чечүүгө киришти;
- “Үмүт” ДТ бала бакчалардын жоктугу, клубдун жана спорттук залдын (бош убакытты пайдалуу өткөрүү) жоктугу, ошондой эле жергиликтүү бюджеттин жетишерлик деңгээлде ачык болбой жатканы өңдүү маселелерди чечүүгө киришти;
- “Айкын” ДТ назарын жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүгө, анын ичинде агро-ветеринардык дарыкананы түзүүгө жана жүн тарагыч аппаратты сатып алууга бурду.

Демилгелүү топтордун курамы айыл өкмөт башчысынын буйругу менен расмий бекитилген. ДТ ишине айылдын лидерлери жана активисттери, айыл өкмөтүнүн адистери жана жергиликтүү кеңештин депутаттары тартылган.

Бардык ДТ катышуусу менен биргелешкен аракеттер планы (БАП) иштелип чыгып, кийин ал айылдык кеңештин Токтому менен бекитилген.

Ак-Чий АА планында 6 артыкчылыктуу көйгөйдү чечүү үчүн 49 иш-чара каралган. 2014-жылдын башында алардын ичинен жалпы суммасы 5 684 800 сомго 34 иш-чара аткарылган.

ДТ мүчөлөрүнүн, муниципалитеттин активисттеринин жана айылдык кеңештин депутаттарынын ичинен 7 адамдан турган биргелешкен мониторинг жана баалоо (БМжБ) боюнча топ түзүлгөн. Алар БАП аткаруу жана натыйжаларга жетүү процессин көзөмөлдөйт.

!

***ЭКБА натыйжаларынын негизинде түзүлгөн биргелешкен аракеттер планы муниципалитетти өнүктүрүү стратегиясынын же аны ишке ашыруу боюнча аракеттер планынын бөлүгү боло алат. Ошондой эле айыл өкмөтүнүн же жергиликтүү кеңештин иш планынын бөлүгү болуп, жалгануучу бөлүгү катары кошула алат, же өнүктүрүү жана башкаруу боюнча башка аракеттер пландарынын негизи болушу мүмкүн. БАП калктын чыныгы артыкчылыктарына негизделгендиги үчүн баалуу болуп эсептелет. БАПты өзүнүн бардык программаларынын жана долбоорлорунун алкагында пландоо жана башкаруу аспабы катары колдонгон ЖӨБ органы өзүн жамаат тарабынан бааланбай калуу тобокелчилигинен коргой алат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ишин пландоодо жарандардын муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө таянуу аракетин калк дайыма баалайт, андан соң ЖӨБнын муниципалитеттеги жашоону жакшыртуу боюнча аракеттерин сөзсүз колдоп беришет.***

***Артыкчылыктуу Долбоорду тандап алуу боюнча элеттик чогулуш***

Бардык 3 демилгелүү топ тең ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасына катышуу үчүн долбоорлорду иштеп чыгууга катышкан. Чакан гранттар программасынын сынагына катыша турган жамаат үчүн өтө маанилүү долбоорду тандап алуу үчүн ЖӨБ органдары элеттик чогулуш өткөрүштү. Чогулушка Совет, Качыбек жана Ак-Чий айылдарынын өкүлдөрү катышты (дыйкандар, мугалимдер, ишкерлер, пенсионерлер, жумушсуздар, үй кожойкелери, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү жана ДТ мүчөлөрү). Чогулуштун катышуучуларына үч долбоордук табыштама сунушталып, добуш берүүнүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктар алынды:

- “Ак-Жол” Долбоору (ички жолдордун көйгөйүн чечүү) 31 добуш алды;
- “Муз аянтчасы” Долбоору (кышкы муз аянтчасын куруу жолу менен жаштардын бош убактысын өткөрүүсү үчүн шарт түзүү) 12 добуш алды;
- “Маданий очок” Долбоору (Качыбек айылындагы клубду толугу менен оңдоп-түзөө жана ичин көрктөндүрүү) 7 добуш алды.

Чогулуштун катышуучулары артыкчылыктуу катары тандап алган “Ак-Жол” Долбоорун ишке ашыруу үчүн айылдык аймак Чакан гранттар программасынын сынагын да жеңип алып, 1 млн. сом өлчөмүндө грант алды. Бул каражатка муниципалитет ички жолдорду оңдоо үчүн атайын техниканы – экскаваторду сатып алат.

***Эгерде жергиликтүү бюджетте каражат бар болсо, ЖӨБ органдары ушул өңдүү программаларды өздөрү да жарыялай алат. Ошондой эле алар мындай механизмдерди өз долбоорлоруна кошумча каржылоо издөө үчүн колдоно алат. Анткени жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарына негизделген долбоор каржылоонун көптөгөн ыктымал булактары тарабынан тезирээк жана ишенимдүүрөөк колдоого ээ болот. Мындай булактар: коңшу кен чыкчу жерди иштетип жаткан инвесторлор; аймактарды өнүктүрүү фондун жана мамлекеттик бюджетти башкарган мамлекеттик органдар; эл аралык донор уюмдар; кайрымдуулук фонддору; башка өлкөлөрдө иштеген жердештер. Сынактын негизинде жамаат өзү тандап алган долбоор ишеним жаратат, маселени чукул чечүү зарылдыгын көрсөтөт; кошо каржылоого, курмандыкка чалууга, грантка карата чечим кабыл алуу процессин тездетет.***

***Мындан тышкары ЭКБА иш-чараларын өткөрүү, көйгөйдү талкуулоо процессине көбүрөөк сандагы расмий адамдар, жарандар, эксперттер, уюмдар тартылат. Натыйжада кошумча каржылоо булагын табуу мүмкүнчүлүгү бир кыйла көбөйөт. Анткени ЭКБАнын бардык катышуучулары өзүн маселени чечүүгө тийиштиги бар болгондой сезип, анын чечүүнүн бардык жолдорун ойлонуштура баштайт.***


Мен айылымдын
турмушунда
катышып жатам!
А сенчи?

**Элестүү айтканда, ЭКБА болбосо, муниципалитет өз көйгөйү менен эле кала берет. ЭКБА усулдарын колдонуу менен муниципалитет маселени чечүүгө кызыкдар болгондордун көп санын тартат жана аны чечүүгө көбүрөөк адам кошулат.**

***Бюджеттик маалыматка жеткиликтүүлүк***

Ак-Чий АА бюджеттик маалыматка жеткиликтүүлүк, жергиликтүү бюджеттин айкындуулугу өңдүү көйгөйлөр ЭКБА маалында эң артыкчылыктуу деп табылган. Андыктан ЖӨБ органдары 2013-жылдын 26-июнунда 2014-жылга бюджет долбоору боюнча коомдук угууларды өткөрүүнү чечти. Угуулардын буга чейинкилерден негизги айырмасы – айыл өкмөтү калкка маалымат жеткирүүнүн стандарттык эмес усулдарын колдонуу менен "Угууларга чейин", "Угуулар учурунда" жана "Угуулардан кийин" натыйжалуу маалымат өнөктүгүн өткөрдү. Муниципалитеттин кызматкерлери улуттук кийимдерди кийип, атка минип алып, үн күчөткүч менен айыл аралап, жашоочуларга угуулар тууралуу эскертип, аларды иш-чарага чакырып, майрамдык маанайды жарата алышты. Угуулар учурунда айыл өкмөтүнүн кызматкерлери айылдыктарга кийинки жылга бюджет долбоору тууралуу кенен айтып, алардын суроолоруна жооп берип, сунуштарды талкуулап гана бербестен өткөн угуулардын натыйжаларына да кайрылышты. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун атынан өткөн бюджеттик угуулардын активдүү катышуучуларына эң кызыктуу суроо, мыкты сунуш үчүн белектер тапшырылды. Эну кары катышуучу да белек алды.

Коомдук угууларды өткөргөндөн кийин жергиликтүү кеңештин бюджеттик комиссиясы айыл өкмөтү менен биргеликте калктан түшкөн 13 сунушту талкуулап, эксперттик бүтүм алгандан кийин 11 сунушту комиссия бюджет долбооруна киргизди. Ал 2014-жылдын февралында кеңештин сессиясында бекитилген. Маалымат өнөктүгүнүн алкагында угуулардан кийин муниципалитет өз сунуштарын киргизген айыл тургундарынын ар бирине жооп жазылган каттарды жиберип чыккан. Анда иш-чаралардын планынын негизинде угууларда көтөрүлгөн көйгөйлөрдү чечүү мөөнөттөрү жана ыкмалары так көрсөтүлгөн. Жашоочуларга маалымат жеткирүүдө чыгармачыл мамилеге жана угуулардын натыйжасы үчүн жоопкерчиликке "Бюджетти түзүүдө жарандардын чыныгы катышуусу" сынагынын (ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) алкагында жогору баа берилди. Ак-Чий АА биринчи орунду ээлеп, байге катары кеңсе техникасынын комплектин алды. Эми аны коомдук иш-чараларды дагы да сапаттуу өткөрүү үчүн, анын ичинде жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматты жарыялоо үчүн колдонуп келатышат.

**Элет калкынын көйгөйлөрүн чечүү үчүн ЭКБАны колдонуунун натыйжалары**

2011-2013-жылдары "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору 16 муниципалитетке ЭКБА иш-чараларынын комплексин өткөрүүгө жардам берди. Ал иш-чараларга 11 миңден ашуун адам катышты. ЭКБАнын натыйжалары боюнча муниципалитеттерде аныкталган 151 артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча Биргелешкен аракеттер пландары иштелип чыкты. 65 демилгелүү топ түзүлүп, алар 600дөн ашуун иш-чараны аткарууга катышууну пландап жатышат.

*16 муниципалитетте ЭКБАнын жүрүшүндө аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөр (номери артыкчылыктуулук рейтингиндеги ордун билдирип турат)*

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | ЖӨБ ишмердүүлүгүндөгү айкындуулук | 12 | Саламаттык сактоо |
| 2 | Жаштардын маселе-лери | 13 | Көпүрөлөр |
| 3 | Ички жолдор | 14 | Санитардык экологиялык абалы |
| 4 | Ичүүчү суу | 15 | Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү |
| 5 | Мектепке чейинки билим берүү | 16 | АӨ кызматкерлеринин дара-мети |
| 6 | Мектептеги билим берүү | 17 | Социалдык маселелер |
| 7 | Көчөлөрдү жарык-тандыруу | 18 | Жашылдандыруу жана көрктөндүрүү |
| 8 | Сугат суу | 19 | Жарандардын коопсуздугу |
| 9 | Арыктардын жана каналдардын абалы | 20 | Муниципалдык транспорт |
| 10 | Айыл чарбасы | 21 | Тегирмендин жоктугу |
| 11 | Таштанды | | |

Ушул көйгөйлөрдү чечүү боюнча Биргелешкен аракеттер пландары ийгиликтүү ишке ашырылып жатат – 2 жыл ичинде 16 пилоттук ЖӨБда жергиликтүү бюджеттеги каражаттын эсебинен (21%), калктын салымынын жардамы менен (4%), ошондой эле каржылоонун кошумча булактарын тартуунун эсебинен (75%) болжол менен 150 миң сомдон ашык көлөмдө жумуштар жасалды. Ушул иш-чараларды аткаруудан айылдык аймактарда түз пайданы 550 миңден ашуун, ал эми кыйыр түрдө пайданы 350 миңден ашуун адам алды. Кошумча каржылоонун мындай жогорку деңгээли ЖӨБнын жарандар менен активдүү кызматташуу модели ийгиликтүү болгонун көрсөтүп турат.

**Өнүктүрүү саясат институту Швейцария Өкмөтү тарабынан Улуу Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги менен өнөктөштүктө каржылаган "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында пилоттук айылдык аймактар менен иш алып барат. Анын ичинде муниципалдык башкаруунун түрдүү аспекттери, жергиликтүү жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө чындап тартуу боюнча ЖӨБ органдары жана жергиликтүү жамааттар үчүн окууларды да өткөрөт.**

**Айыл жерлеринде көйгөйлөрдү аныктоо, артыкчылыктуусун тандоо, талкуулоо, пландоо, ишке ашыруу жана ага мониторинг жүргүзүү боюнча иш-чаралар колдоого алынат.**

**Маалымат жана кеп-кеңештерди алуу үчүн office@dpi.kg электрондук дареги боюнча кайрылыңыз.**

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоору тууралуу кеңири маалыматты www.vap.kg жана www.dpi.kg сайттарынан таба аласыз.**

КЫРГЫЗСТАН - ШВЕЙЦАРИЯ
KYRGYZSTAN - SWITZERLAND
кызматташтыкка 20 жыл
20 лет сотрудничества
20 years of cooperation